**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**
**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ**

**№6 жыйындын**

**ПРОТОКОЛУ**

**Дата: 08.06.2015.**
**Убакыт: 14.00.**
**Бөлмө: Конференц-зал**

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. **Мектепке чейин жана башталгыч билим берүү лабораториясынын ишмердүүлүгү.**

Э.Р.Сакимбаев, А.Д.Токтомаметов

2. **Кыргыз билим берүү академиясында ишке ашырылып жаткан кесиптик жогорку билим берүүнүн программалары боюнча мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы.**

Бабаев Д.Б.

3. **Мугалимдерди даярдоо, кайра даярдоо жана билимин жогорулатуу курстарынын 2015/2016-окуу жылы үчүн план-графигин бекитүү.**

Бабаев Д.Б., А.Ж.Шергазиев

4. **Бүтүрүүчү изденүүчүнүн (М.Л.Азимова) отчету.**

Б.Бейшенбаева, М.К.Иманкулов,

5. **Кол жазмаларды бекитүү.**

**5.1. «Химия 9-класс». Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн сынак окуу китеби** (авт.: Кудайбергенов Т.Т., Рыспаева Б., Асанов Ү.А.) боюнча сынактын жыйынтыгын талкулоо.

Син Е.Е., Жакышова Б.Ш.

**5.2. «Детский труд и образование».** Программа и методическое руководство для курсов повышения квалификации руководителей и педагогов общеобразовательных школ (авт.-сост. М.Т. Иманкулова, В.А. Бредихина).

К.К. Жунушалиева

**5.3. «Усиление потенциала детских образовательных организации в улучшении питания». У**чебное пособие для тренеров, представленной международной неправительственной организаций«MercyCorps» («Корпус Милосердия»).

Л.В.Усенко

**5.4. «ЖитьБокОБок».**Методическое руководство для учителей общеобразовательных школ и воспитателей по программе «Продвижение межнационального и межрелигиозного взаимопонимания» и рабочая тетрадь для учащихся 9-11 классов по названной программе, разработанные Центром Интербилим и Легаси Интернэйшл.

М.К.Иманкулов

1. Пограммно-методические комплексы, повышения квалификации педагогов дошкольного образования в целях обеспечения качественного сопровождения предшкольной подготовки по Программе «Нариcте» (480 ч), адресованной для детей,не охваченных какими-либо образовательными программами, разработанной в рамках проекта Всемирного Банка “Глобальное партнерство”:

– **«6 жаштагы балдардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү окуу куралы»** (иштеп чыккандар: Токтомаметов А.Д., Субанова Б.З.). Мектепке даярдоо программаларына тартылбаган балдарды мектепке даярдоо үчүн 480 сааттык “Нариcте” программасынын негизинде иштелип чыккан окуу куралы;

- **«Подготовка детей к школе».**Программно-методический комплекс (учебный модуль) для педагогов дошкольных и школьных организаций/**«Балдарды мектепке даярдоо».**Мектепке чейинки жана мектеп уюмдарынын педагогдору үчүн программалык-усулдук комплекс»/ (разр.: О.В.Солошенко, А.А. Токтомаметов), по програме «Нарисе» (480 ч) для предшкольной подготовки детей,не охваченных какими-либо образовательными программами.
- **«Подготовка детей к школе»/«Балдарды мектепке даярдоо»/** (разработчики: Усенко Л.В., Масликова Н.А.), по программе «Наристе» (480 ч) для предшкольной подготовки детей, не охваченных какими-либо образовательными программами;
- **«Методическая поддержка педагогов на местах».**Программно-методический комплекс для методистов и руководителей дошкольных и школьных организаций поподготовке детей к школе/**«Педагогдорго жумушчу орундарында методикалык жардам көрсөтүү».**Балдарды мектепке даярдоо боюнчамектепке чейинки жана мектеп уюмдарынын жетекчилери, методисттери үчүн программалык-усулдук комплекс/(разработчик: Низовская И.А.), по програме «Наристе» (480 ч) для предшкольной подготовки детей, не охваченных какими-либо образовательными программами;
- **«Инклюзивное образование».**Программно-методический комплекс для учителей начальных классов, воспитателей ДОО, социальных работников и заместителей директоров школ /**«Инклюзивдик билим берүү»**.Башталгыч класс мугалимдери, мектепке чейинки уюмдардын тарбиячылары, социалдык кызматкерлер жана директордун орун басарлары үчүн программалык-усулдук комплекс / (разработчики: Орусбаева Т.А., Дунганова Д.Э., Сакимбаев Э.Р., Кононенко З.В.), по програме «Наристе» (480 ч) для предшкольной подготовки детей,не охваченных какими-либо образовательными программами.

Л.В.Усенко

**5.5.** Балдарды мектепке даярдоонун 480 сааттык «Наристе» программасын бекитүү жөнүндөгү Окумуштуулар кеңешинин 2013-жылдын 25-декабрындагы чечиминин көчүрмөсүнө түзөтүү киргизүү.

Б.Мурзаибраимова

**5.6. КЫРГЫЗТЕСТ" системасында иштелип чыккан усулдук-ченемдик иштелмелер:**

- Кыргыз тилинин лексикалык минимуму, А2;
- Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюулуучу талаптар, В1;
- Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюулуучу талаптар, В2;
- Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюулуучу талаптар, С1;

К.Эсеналиева

**5.7. Дүйнө тарыхы. Соңку тарых, 9-класс.** Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн дүйнө тарыхы боюнча окуу китебин (автору: Т. Өмүрзакова) кайра басууга жарактуулугун талкуулоо.

**М.К.Иманкулов**

**6. Изденүүчү П.Э.Токомбаеванын диссертациялык темасына түзөтүү киргизүү (**мурда"Жалпы билим берүүчү мектепте химия предметин тектеш предметтер менен интеграциялап окутуунун илимий-методикалык негиздери" азыркы сунушталганы: **"Жалпы билим берүүчү мектепте химия предметин тектеш предметтер менен байланыштырып окутуунун илимий негиздери".**

Син Е.Е.

**А.Мамытов:** Окумуштуулар кеңешинин 22 мүчөсүнөн 20 мүчөсү катышып отурат. Кворум бар. Күн тартибине макул дегендер добуш берип коюңуздар.

“Макул” баары, “каршы”, “калыс” жок. Отурум күн тартиби боюнча улантылды.

**1. Кыргыз билим берүү академиясында ишке ашырылып жаткан кесиптик жогорку билим берүүнүн программалары боюнча мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы.**

**Угулду:** Алла Михайловна комиссиянын мүчөсү катары аттестациянын жыйынтыгы боюнча маалымат берди (комиссиянын маалыматы тиркелет).

Ал өзүнө бир топ жакын болгон мектепке чейинки жана башталгыч билим жана тарбиялоо кафедрасынын ишмердүүлүгүнө кененирээк токтолду. Кафедрада курска келген бала-бакча тарбиячылары үчүн абдан пайдалуу методикалык каражаттар бар экендигин, кафедранын иши жакшы жолго коюлгандыгын ж.б. белгиледи. Калган маалыматтар справкада кеңири жазылганын кошумчалады.

Ким сунушка макул десе, добуш бериңиздер. “Макул” баары, “каршы”, “калыс” жок.

**Окумуштуулар кеңешинин токтому:**

Кыргыз билим берүү академиясында ишке ашырылып жаткан кесиптик жогорку билим берүүнүн программалары боюнча мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча аттестациялык комиссиянын маалыматы эске алынсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**2. Мектепке чейин жана башталгыч билим берүү лабораториясынын ишмердүүлүгү.**

**Угулду:**Э.Р.Сакимбаевдин билдирүүсү (тиркелет).

Анда, лабораториянын ишин канааттандырарлык деп эсептейли жана чечимдин долбоорун оңдоолору менен кабыл алалы. Сунушка макул дегендер добуш бериңиздер.

“Макул” − баары, “каршы”, “калыс” − жок.

Талкуунун негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Мектепке чейин жана башталгыч билим берүү лабораториясынын ишмердүүлүгү канааттандырарлык деп эсептелсин.
2. Лабораториянын ишмердүүлүгүн текшерүү боюнча комиссиянын маалыматы эске алынсын.

   *Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**3. Мугалимдерди даярдоо, кайра даярдоо жана билимин жогорулатуу курстарынын 2015/2016-окуу жылы үчүн план-графигин бекитүү.**

**Угулду:**Бабаев Д.Б.нын билдирүүсү:

Алгач, президенттин тапшырмасы боюнча Ата мекен фракциясына барганыбыз боюнча кыскача маалымат берейин.

Эмне үчүн повышение маселеси комитетте эмес, фракцияда айтылганы бизди таң калтырды. Бирөө: дефектология боюнча адисмин, иштегем, бирок, эмнеге силерде андай жардамчы мектеп жок деди.А.Мамытов ал суроого жооп берди.

Андан кийин, интернетти пайдаланып, дистанциядан сабак өтүүнү практикалагыла деп сунушташты...

Андан кийин, Д.Бабаев план-график боюнча маалымат берди (тиркелет). Анын газетага басылып чыгарын айтып, бекитип берүүнү сунуштады.

**С.Субанов:** Курстар боюнча мен көп жылдан бери иштедим. Көп курстарга үчтөн-төрттөн эле киши келет. Алар менен курс өтүү кыйын. Аны көбөйтүүнүн жолу жокпу?

**Д.Бабаев:** Садыркул Субанович, сиз туруп суроо бердиңиз, мен да туруп жооп берейин. Курсту 25тен да пландап жүргөнбүз. Азыр 13төн. Ашыгы менен келген курстар да бар. Кээ бир курстар бир потокто аз келсе, экинчисинде жакшы келегни бар. “Толук келген жок, 4-5 адам болуп калды” деп, улам жаба берсек, башка да жагдайлар бар, аны да эске алышыбыз керек.

**К.Жунушалиева:**Садыркул Субанович, ушул суроону жакшы көтөрдүңүз. Менин сунушум, сиз профсоюзга маселе көтөрүңүз, мугалимдердин мурдагы профилакториясынкалыбына келтирип келтирип беришсин. “Сочетание полезного с приятным” дегендей, азыркы мугалимдер Бишкекке келгенде эс алганча, дарыланганча, базарга барып, балдарына зарыл нерселерди сатып алганча келгиси келет. Курска барып, мынамындай иштерди бүтүрүп келдим деп сүйүнүшөт.

**С.Субанов:** Мен толбой калган курсту жабуу жөнүндө айткан жерим жок. Атайын отуруп алып, тияк-биякка чала турган киши болушу керек деген ойду айткым келген...

**С.О.Байгазиев:**Ал жагын дагы карап көрүш керек. Анда, план-графикти бекители деген жолдоштор добуш бериңиздер.

“Макул” − баары, “каршы”, “калыс” − жок.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. 2015-2016- окуу жылына карата Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, даярдоо жана кайра даярдоо борборунун окуу графиги жана квалификацияны жогорулатуу курстарынын адистиктер боюнча планы бекитилсин.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4. Бүтүрүүчү изденүүчүнүн (М.Л.Азимова) отчету.**

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясынын башчысы М.К.Иманкуловизденүүчү М.Азимованын «Формирование межкультурной толерантности старшеклассников (X-XI классы) в процессе изучения курса Истории Кыргызстана» деген темада эки жыл ичинде жүргүзгөн изилдөө иштеринин отчету лабораторияда талкууланып, жактырылгандыгын, пландалган иштер аткарылгандыгын, педэксперименти гана толуктала электигин, изилдөө темасы боюнча макалалары, методикалык колдонмолору жарыялангандыгын билдирди.

Окумуштуулар кеңешинин бир нече суроолоруна жооптор алынды.

Окумуштуулар кеңеши изденүүчү М.Л.Азимованын жүргүзгөн изилдөөлөрүндө конкреттүүү жыйынтыктардын, аткарылган иштердин бар экендигин белгиледи.

Талкуунун негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. КББАнын аспирантура бөлүмүн изденүүчүсү М.Л.Азимованын жыйынтык отчету эске алынсын.

2. Анын изилдөө иштеринин жыйынтыктары канааттандыраарлык деп табылсын жана академияда изденүү мөөнөтү аяктаганына байланыштуу тизмеден чыгарылсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**5. Кол жазмаларды бекитүү.**

**5.1. «Химия 9-класс». Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн сынак окуу китеби** (авт.: Кудайбергенов Т.Т., Рыспаева Б., Асанов Ү.А.) боюнча сынактын жыйынтыгын талкулоо.

**Угулду:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын башчысы п.и.д., профессор Е.Е.Синдин төмөнкүдөй билдирүүсү: «Химия 9-класс» окуу китебинин кол жазмасы (авт. Т.Т.Кудайбергенов. Б.Рыспаева. Ү.А.Асанов) академиянын окумуштуулар кеңешинде каралып, сынак окуу китеби катары бекитилген (прот. №8, 29-октябрь 2014-ж.). Сынактын жыйынтыгы боюнча тийиштүү материалдар 6-майда лабораторияга келип түшүп, аларды расмий эксперт Б.Ш.Жакышова карап чыккан жана анын корутундусу лабораторияда талкууланган. Анын негизинде лаборатория аталган сынак окуу китебин жалпы билим берүүчү мектептердин 9-классы үчүн химия боюнча стабилдүү окуу китеби катары бекитип берүүнү Окумуштуулар кеңешине сунуштайт.

**Жакышова Б.Ш. (расмий эксперт):** Билим берүү жана илим министрлигинин № 1134/ 1 буйругунун негизинде белгиленген тизмеге ылайык, сынак республиканын бардык аймактарынан 21 мектепте өткөрүлгөн. Экспериментатор мугалимдердин пикирлери оң.

Мектептик, райондук, областтык методикалык бирикмелердин жана педагогикалык кеңештеринин чечимдерин талдап чыгып, аталган сынак окуу китебин академиянын окумуштуулар кеңешинде бекитилген «Окуу китептерин эксперттик баалоо баракчасы» боюнча баaладым (тиркелет).

Айрым техникалык, балким котормодонбу, кемчиликтерин эске албаганда, окуу китеби талапка жооп берет. Аталган окуу китепке эксперт катары жоопкерчилик менен, аны «стабилдүү окуу китеби» катары сунуштайм жана сиздердин сунушумду колдоп берүүңүздөрдү суранам.

**А.Токтомаметов:** Стилдик каталар, котормодон кеткен каталар деген кандай?

**Б.Жакышева:**“-дин”, “-дын” мүчөсү түшүп калган. Мисалы, “элементтердин касиети” дегендин ордуна, “элементтер касиети” деп берилген ж.б.

**К.Жунушалиева:** Азыр колдонулуп жаткан Б.Кособаеванын китеби эмне болот?

**Б.Жакышева:** Билбейм. Бирок, акыркы жолу 2012-жылы бекиген химия боюнча программага биз карап жаткан окуу китеп туура келет.

**С.Жаанбаев:**“Билбейм” дегениңиз болбойт да. Мурунку китепте 3-4 тема жетишсиз болуп калганы айтылып, программа оңдолуп чыккан да. Ошол программа боюнча бул китеп жазылып, Окумуштуулар кеңешинде бекип, сынактан өтүп келди.

**К.Жунушалиева:**Стабилдүү десек, мурдагы стабилдүү китепти алып салабызбы?

**М.Т.Иманкулова:** Силер мазмуну айтып жатасыңар. Статусун тактап алуу керек.

**Д.Бабаев:** Стандартка, программага туура келип жатса, бул китеп негизги болуп калат да.Мурункулары жараксыз деп деле айтылбайт, каалоочулар материалдарын алып пайдаланууга боло берет.

**АвтрТ.Кудайбергенов:**2006-жылкы программада туз пайда кылуучулар бериле электе туздар берилип кеткендигин, дагы башка кемчиликтерге жол берилгенин мугалимдер да айтышып, биз да далилдеп, ушерде бир чечимге келип, жаңы программаны кабыл алганбыз. Бул китеп ошол программанын негизинде жазылды.

**С.О.Байгазиев:** Бирок, мен стабилдүү дегенди жободон көргөн эмес экемин.

**И.Бекбоев:**Аны жобого киргизүүнү мен сунуштагамын. Ал кайда азыр билбейм. Бирок, “стабилдүү”,“альтернативдүү”, “вариативдүү” деген түшүнүктөр темпланда да колдонулат. Кол жазманын стандартка, программага толук жооп бергенин гана стабилдүү деп кабыл алышыбыз керек.

**С.Байгазиев:** Мектептерде болуп жатабыз. Мектептерди түрдүү китеп менен башын айландыруунун кажети жок. Ошондуктан, биз так критерийди айтышыбыз керек.

Негизги критерий – окуу китептин академия жактырып, министрлик сунуштап басылып чыккан программага туура келиши жана апробациядан ийгиликтүү өтүшү.Бул критерийге туура келип жатса, анда лабораториянын жана эксперттин сунушун колдоого болот экен. Сунушка макул болгондор добуш бериңиздер.

“Макул” − баары, “каршы”, “калыс” − жок.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. “Химия, 9-класс” жалпы билим берүүчү мектептер үчүн сынак окуу китеби (авт.: Кудайбергенов Т.Т., Рыспаева Б., Асанов Ү.А.) боюнча сынактын жыйынтыктары жактырылсын.

2. “Химия, 9-класс” жалпы билим берүүчү мектептер үчүн сынак окуу китебин (авт.: Кудайбергенов Т.Т., Рыспаева Б., Асанов Ү.А.) стабилдүү окуу китеби катары атайын гриф менен массалык тиражда басып чыгаруу жагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине сунушталсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**5.2. «Детский труд и образование».** Программа и методическое руководство для курсов повышения квалификации руководителей и педагогов общеобразовательных школ (авт.-сост. М.Т. Иманкулова, В.А. Бредихина).

**Слушали:** Представление заведующей кафедрой менеджмента, технологии и искусства К.К. Жунушалиевой о рукописях программы и методического руководства «Детский труд и образование» (авт.-сост. М.Т. Иманкулова, В.А. Бредихина), отметила, что содержание программы и руководства посвящено актуальной проблеме – оказание помощи работающим детям в учебно-воспитательный процесс школы. Она включает в себя изучение нормативно-правовых актов как зарубежных, так и отечественных, предлагает пути решения восполнения пробелов в обучении через систему дополнительного обучения и освоения методов работы с работающими детьми на базе общеобразовательных школ.Рукопись пособия была апробирована в Московском и Иссык-Атинском районах Чуйской области при поддержке Центрального комитета профсоюза работников образования и науки Кыргызской Республики по реализации пилотного проекта«Создание зон, свободных от детского труда», поддержанного программой МОТ-ИПЕК в Кыргызстане.

На заседании кафедры рукописи программы и руководства были одобрены и рекомендованы к рассмотрению ученого совета на предмет утверждения и издания.

Заслушав и обсудив представления К.К. Жунушалиевой, Ученый совет поддержал решения кафедры.

На основании вышеизложенного **Ученый совет постановляет:**

1. Утвердить рукописи учебной программы и методического руководства «Детский труд и образование» (авт.-сост. М.Т. Иманкулова, В.А. Бредихина) для курсов повышения квалификации руководителей и педагогов общеобразовательных школ и рекомендовать ее к изданию.

*Постановление принято единогласно.*

**5.3. «Жить Бок О Бок».** Методическое руководство для учителей общеобразовательных школ и воспитателей по программе «Продвижение межнационального и межрелигиозного взаимопонимания»и рабочая тетрадь для учащихся 9-11 классов по названной программе, разработанные Центром Интербилим и Легаси Интернэйшл.

**Слушали:** представление М.К.Иманкулова об утверждении рукописи методического руководство по программе «Жить Бок О Бок» для учащихся 9-11 классов разработанной Центром Интербилим и Легаси Интернэйшл «Продвижение межнационального и межрелигиозного взаимопонимания» и рабочей тетради для учащихся 9-11 классов по программе «Жить Бок О Бок». В своем выступлении М.К.Иманкулов отметил, что это рукопись сможет восполнить тот пробел, который существует и поможет учителям общеобразовательных школ, завучам по воспитательной работе, организаторам внеклассной воспитательной работы, психологам и социальным педагогам сформировать толерантное поведение у подрастающего поколения. А рабочую тетрадь можно использовать в качестве дневника знаний, идей, которые ученик будет раскрывать во время прохождения данного урока. Главная цель рукописи – направлена на формирование у учащихся чувства толерантности (межэтнической, межрасовой, межконфессиональной, межличностной), навыков позитивного поведения и умения уважения разнообразия.

Рецензентом данного пособия являются: п.и.к., доцент М.К.Иманкулов и научный сотрудник З.А. Сураганова. Они, подробно изучив материалы рукописи и рабочей тетради, пришли к выводу, что можно издавать их с некоторыми исправлениями.

Ученый совет КАО считает, что рукопись и рабочая тетрадь соответствует нашему времени.

На основе вышеизложенного**Ученый совет постановляет**:

1. Одобрить методическое руководство по программе «ЖитьБокОБок» для учащихся 9-11 классов разработанной Центром Интербилим и ЛегасиИнтернэйшл«Продвижение межнационального и межрелигиозного взаимопонимания»и рекомендовать к изданию с некоторыми исправлениями.

2. Одобрить рабочую тетрадь для учащихся по программе «Жить Бок О Бок» разработанной Центром Интербилим и Легаси Интернэйшл) и рекомендовать к изданию

*Постановление принято единогласно.*

**5.4.** Программно-методические комплексы повышения квалификации педагогов дошкольного образования в целях обеспечения качественного сопровождения предшкольной подготовки по Программе «Наристе» (480 ч), адресованной для детей, не посещающих дошкольные образовательные организации, разработанной в рамках проекта Всемирного Банка “Глобальное партнерство”.

- **«6 жаштагы балдардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү окуу куралы»** (иштеп чыккандар: Токтомаметов А.Д., Субанова Б.З.);
- **«Подготовка детей к школе».**Программно-методический комплекс (учебный модуль) для педагогов дошкольных и школьных организаций по программе «Наристе» (480 ч.)/**«Балдарды мектепке даярдоо».**«Наристе» программасы (480 с.) боюнча мектепке чейинки жана мектеп уюмдарынын педагогдору үчүн программалык-усулдук комплекс»,(разр.: О.В.Солошенко, А.А. Токтомаметов) .
- **«Подготовка детей к школе»/«Балдарды мектепке даярдоо»** (разработчики: Усенко Л.В., Масликова Н.А.);
- **«Методическая поддержка педагогов на местах».**Программно-методический комплекс для методистов и руководителей дошкольных и школьных организаций поподготовке детей к школе/**«Педагогдорго жумушчу орундарында методикалык жардам көрсөтүү».**Балдарды мектепке даярдоо боюнчамектепке чейинки жана мектеп уюмдарынын жетекчилери, методисттери үчүн программалык-усулдук комплекс/(разработчик: Низовская И.А.);
- **«Инклюзивное образование».**Программно-методический комплекс для учителей начальных классов, воспитателей ДОО, социальных работников и заместителей директоров школ /**«Инклюзивдик билим берүү»**.Башталгыч класс мугалимдери, мектепке чейинки уюмдардын тарбиячылары, социалдык кызматкерлер жана директордун орун басарлары үчүн программалык-усулдук комплекс(разработчики: Орусбаева Т.А., Дунганова Д.Э., Сакимбаев Э.Р., Кононенко З.В.).

**Слушали:** заведующейкафедрой ДВНО Усенко Л.В., которая отметила следующее:

Первая работа («6 жаштагы балдардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү окуу куралы» (иштеп чыккандар: Токтомаметов А.Д., Субанова Б.З.)) рассматривалась на кафедре повторно, после исправления с учетом замечаний рецензента.

Для рецензирования и рассмотрения на заседании кафедры ДВНО КАО представлено ещё 8 работы, разработанных в целях обеспечения качественного сопровождения предшкольной подготовки по Программе «Наристе» (480 ч),адресованной для детей, не посещающих дошкольные образовательные организации,выполненных в рамках проекта Всемирного Банка “Глобальное партнерство”. Для экспертизы всех рукописей были назначены официальные рецензенты.

Все рецензии положительные, выше перечисленные материалы рекомендованы к рассмотрению и утверждению на Ученом Совете КАО.

**На основании вышеизложенного Ученый Совет постановляет**:

I. Учитывая востребованность представленных материалов в целях обеспечения качественного сопровождения предшкольной подготовки по Программе «Наристе» (480 ч) для детей, не посещающих ДОО, их разработку на должном уровне, одобрить, утвердить и рекомендовать к изданию следующие методические комплексы:

- **«6 жаштагы балдардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү окуу куралы»** (иштеп чыккандар: Токтомаметов А.Д., Субанова Б.З.);
- **«Подготовка детей к школе».**Программно-методический комплекс (учебный модуль) для педагогов дошкольных и школьных организаций по программе «Наристе» (480 ч.)/**«Балдарды мектепке даярдоо».**«Наристе» программасы (480 с.) боюнча мектепке чейинки жана мектеп уюмдарынын педагогдору үчүн программалык-усулдук комплекс»,(разр.: О.В.Солошенко,  А.А. Токтомаметов) .
- **«Подготовка детей к школе»/«Балдарды мектепке даярдоо»** (разработчики: Усенко Л.В., Масликова Н.А.);
- **«Методическая поддержка педагогов на местах».**Программно-методический комплекс для методистов и руководителей  дошкольных и  школьных организаций поподготовке детей к школе/**«Педагогдорго жумушчу орундарында методикалык жардам көрсөтүү».**Балдарды мектепке даярдоо боюнчамектепке чейинки жана мектеп уюмдарынын жетекчилери, методисттери үчүн программалык-усулдук комплекс/(разработчик:  Низовская  И.А.);
- **«Инклюзивное образование».**Программно-методический комплекс для учителей начальных классов, воспитателей ДОО, социальных работников и заместителей директоров школ /**«Инклюзивдик билим берүү».**Башталгыч класс мугалимдери, мектепке чейинки уюмдардын тарбиячылары, социалдык кызматкерлер жана директордун орун басарлары үчүн программалык-усулдук комплекс (разработчики: Орусбаева Т.А., Дунганова Д.Э., Сакимбаев Э.Р., Кононенко З.В.).

*Постановление принято единогласно.*

**5.5. КЫРГЫЗТЕСТ” системасында иштелип чыккан усулдук-ченемдик иштелмелер:**

- Кыргыз тилинин лексикалык минимуму, А2;
- Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюулуучу талаптар, В1;
- Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюулуучу талаптар, В2;
- Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюулуучу талаптар, С1;

**Угулду:**К.Эсеналиеванын билдирүүсү. Ал аталган кол жазмалар учурда абдан керектүү экендигин, бирок, аларда стилдик, грамматикалык, орфографиялык каталар абдан жыш экендигин, каталарын оңдоо менен бекитүүгө жана басууга сунушталарын билдирди.

Окумуштуулар кеңеши кол жазма башкалардын кыргыз тили боюнча билимдеринин деңгээлине коюлуучу талаптар жана кыргыз тилинин лексикалык минимуму болуп жаткан соң, катасыз болгону туура экендигин белгилешип, каталары ондролгон соң кайра кароону сунушташты.

**Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

КЫРГЫЗТЕСТ” системасында иштелип чыккан төмөнкү усулдук-ченемдик иштелмелеркаталардын үстүнөн иштөө үчүн түзүүчүлөргө кайтарылсын:

- Кыргыз тилинин лексикалык минимуму, А2;
- Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюулуучу талаптар, В1;
- Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюулуучу талаптар, В2;
- Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюулуучу талаптар, С1;

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**5.6. Дүйнө тарыхы. Соңку тарых, 9-класс.** Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн дүйнө тарыхы боюнча окуу китебин (автору: Т. Өмүрзакова) кайра басууга жарактуулугун талкуулоо.

Социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясынынбашчысы, п.и.к., доцент Иманкулов М.К.“Жалпы билим берүүчү мектептердин 9-класстары үчүн “Сонку тарых. XX кылым” окуу китеби 2007-ж. Басылып чыгып, колдонулуп келгендигин, окуу китеп жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн Тарых предмети боюнча программанын негизинде жазылганын, учурда бул окуу китебин кайра басуу жагы каралгандыгын, кайра басууда акыркы жылдары дүйнөдө болуп өткөн окуяларды кошуу жана мазмунду байытуу зарылдыгын, учурдакошумчалануучуматериалдардын мазмуну такталып, бирок, китепке киргизиле электигин, эгер окумуштуулар кеңеши уруксат берсе, басууга чейин толуктанарын билдирди.

Окумуштуулар кеңешикошумчалануучу материалдар китепке киргизилгенден кийин, аларды лаборатория карап чыгып, андан соң Окумуштуулар кеңешине алып чыгуусу туура болорун белгиледи.

Талкуунун негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**Дүйнө тарыхы. Соңку тарых, 9-класс**(автору: Т. Өмүрзакова) аттуужалпы билим берүүчү мектептер үчүн дүйнө тарыхы боюнча окуу китебинкайра басууга сунуштоо маселеси ага кошумчалануучу жаңы материалдар киргизилгенден кийин талкуулансын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**6. Изденүүчү П.Э.Токомбаеванын диссертациялык темасына түзөтүү киргизүү.Угулду:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын башчысы п.и.д., профессор Син Е.Е. изденүүчү П.Э.Токомбаеванын илимий-изилдөө темасына өзгөртүү киргизүү тууралуу билдирүү жасады.Ал изденүүчүсү П.Э.Токомбаеванын илимий-изилдөө темасына өзгөртүү киргизүү маселеси бүтүрүүчү аспиранттардын отчетунда сунушталганын, изденүүчү план-проспектисине толуктоолор киргизгенин, лаборатория анын **“Жалпы билим берүүчү мектепте химия предметин тектеш предметтер менен байланыштырып окутуунун илимий негиздери”** деген темасын бир добуштан жактырганын билдирди.

Окумуштуулар кеңеши чынында эле П.Э.Токомбаеванын диссертациялык изилдөө темасынын азыркыдай формулировкада болуусутуура экендигин белгиледи.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Изденүүчү П.Э.Токомбаеванын 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (химия)адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга арналган диссертациялык ишинин 2012-ж. 2-июлдабекитилген «Жалпы билим берүүчү мектепте химия предметин тектеш предметтер менен интеграциялап окутуунун илимий негиздери» деген аталыштагы темасы «Жалпы билим берүүчү мектепте химия предметин тектеш предметтер менен байланыштырып окутуунун илимий негиздери» деп түзөтүлсүн.
2. 2012-жылдагычечимдин жаңы редакциясы бекитилсин.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**КББАнын Окумуштуулар кеңешинин**
**Төрагасынын орун басары, ф.и.д., профессор: С.О.Байгазиев**

**Окумуштуу катчы, п.и.к., а.и.к.: Б.Б.Мурзаибраимова**